| | |
|---|---|
| КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК ТЕХНИКАЛЫК УНИВЕРСИТЕТ | И.Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университети |
| | БИЛИМ САПАТЫН КАМСЫЗ КЫЛУУ СИСТЕМАСЫ |
| | ДП- 32-1-13 |

**ЖАКТЫРЫЛДЫ**

И.Раззаков атн.КМТУнун

Окумуштуулар кеңешинин отурумунда

Протокол № 2

«29» 10 2025-ж.

**БЕКИТЕМИН**

И.Раззаков атн.КМТУнун ректору

________ Чыныбаев М.К.

Буйрук № 1/250

«7» 11 2025-ж.

# И.РАЗЗАКОВ АТЫНДАГЫ КМТУнун ЖАШТАР БОРБОРУ ЖӨНҮНДӨ ЖОБОСУ

**Бишкек, 2025**

# ӨЗГӨРТҮҮ БАРАКЧАСЫ

| УЧА версия-сынын № | Өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилген бөлүмдүн/пункттун № же абзац (бетти көрсөтүү менен) | КМТУнун Окумуштуулар кеңешинин протоколунун № жана датасы |
|---|---|---|
| 1 | | Протокол №2<br>29.10.2025 ж. |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |

## 1. Жалпы жоболор

**1.1.** Ушул Жобо Кыргыз мамлекеттик техникалык университетинин (мындан ары – университет) алдындагы Жаштар борборунун (мындан ары – Борбор) укуктук статусун аныктайт.

**1.2.** Жаштар борбору өз ишмердүүлүгүндө «Билим берүү жөнүндөгү» Мыйзамды, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтомдорун жана буйруктарын, мамлекеттик аткаруу бийлик органдарынын ченемдик-укуктук актыларын, университеттин Уставын, университеттин ички локалдык документтерин жана ушул Жободо көрсөтүлгөн жоболорду жетекчиликке алат.

Жаштар борбору университеттин студенттеринин руханий, адеп-ахлактык, эстетикалык жана ар тараптуу өнүгүүсүн камсыздоого багытталган программаларды ишке ашырат.

**1.3.** Жаштар борбору (мындан ары – Борбор) — бул студенттердин маданий жана агартуу ишмердүүлүгүн өнүктүрүү, улуттук баалуулуктарга негизделген тарбиялык иштерди уюштуруу максатында түзүлгөн университеттик борбор.

Борбордун негизги ишмердүүлүгү — жаштардын адептик, патриоттук, эстетикалык аң-сезимин калыптандыруу, социалдык маселелерди чечүүгө көмөк көрсөтүү, студенттик жаштардын сапатын жана деңгээлин жогорулатуу, алардын кызыкчылыктарын коргоо жана коомдук турмушка активдүү катышуусун камсыз кылууга багытталган.

**1.4.** Борбор түздөн-түз тарбия иштери боюнча департаменттин директоруна баш ийет. Ошол эле учурда академиялык иштер боюнча проректор жалпы жетекчилик жүргүзөт, кызматкерлердин милдеттерин аныктайт жана алардын ишин көзөмөлдөйт.

**1.5.** Жаштар борбору ректордук администрация, институттар, жогорку мектептер, кафедралар, колледждер, окуу бөлүмдөрү, профсоюздар жана университеттин башка түзүмдөрү менен тыгыз кызматташат.

**1.6.** Борборго берилген мүлктүн сакталышы үчүн жоопкерчилик Жаштар борборунун жетекчисине жүктөлөт.

## 2. Борбордун милдеттери

**2.1.** Жаштардын билим берүү, маданий, интеллектуалдык жана социалдык өнүгүү программаларын ишке ашыруу.

**2.2.** Университеттин башка университеттер, чыгармачыл топтор, мекемелер, улуттук маданий борборлор, фонддор жана башка уюмдар менен маданий байланыштарын түзүү жана өнүктүрүү.

**2.3.** Студенттердин патриоттук сезимин, мекенге болгон сүйүүсүн, мамлекеттик символикага, Кыргыз элинин тарыхый жана маданий мурастарына болгон урмат-сыйын калыптандырууга багытталган иш-чараларды уюштуруу жана өткөрүү. Улуттук өзүн-өзү аңдоону, руханий жана адеп-ахлактык баалуулуктарды, ошондой эле жарандык ынтымакты чыңдоого өбөлгө түзгөн тематикалык лекциялардын, жолугушуулардын, сынактардын, чыгармачыл акциялардын жана маданий программалардын өткөрүлүшүн камсыз кылуу.

**2.4.** Жогорку окуу жайынын компетенциясынын алкагында Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жаштар саясатын ишке ашыруу.

**2.5.** КМТУ студенттеринин кызыкчылыктарын коргоо жана алардын долбоорлорун ишке ашырууга көмөк көрсөтүү.

## 3. Борбордун функциялары

**3.1.** Ушул Жободо көрсөтүлгөн багыттарга ылайык тарбиялык ишмердүүлүктүн планын жана ыкмаларын иштеп чыгуу.

**3.2.** Чыгармачыл жана маданий-агартуу иш-чараларын уюштуруу.

**3.3.** Чыгармачыл жамааттарды ар кандай сынактарга, фестивалдарга, студенттик чыгармачылык мелдештерге, майрамдык жана башка расмий иш-чараларга (шаардык, республикалык жана эл аралык деңгээлде) катышууга даярдоо.

**3.4.** Студенттик интеллектуалдык оюндарды жана мелдештерди (КВН, дебат, мээ чабуулу, тегерек үстөл ж.б.) уюштуруу жана өткөрүү.

**3.5.** КМТУнун институттарындагы студенттик уюмдардын (дискуссиялык клубдар, студенттик өзүн-өзү башкаруу ж.б.) ишин координациялоо жана жардам көрсөтүү.

**3.6.** Студенттер арасында кылмыштуулуктун, баңгиликке, алкоголизмге жана тамеки чегүүгө каршы профилактикалык иш-чараларды өткөрүү.

**3.7.** Эл аралык жана аймактар аралык кастыкты алдын алуу, сабырдуулук маданиятын, өз ара урматтоону жана биримдикти өнүктүрүүгө багытталган лекциялардын, семинарлардын жана тегерек столдордун өткөрүлүшүн камсыз кылуу.

**3.8.** Коррупцияга каршы иш-чараларды - сынактарды, тематикалык жолугушууларды, маалыматтык кампанияларды уюштуруу. Студенттердин арасында коррупцияга карата терс мамилени жана укуктук сабаттуулукту жогорулатууга багытталган маалыматтык–агартуу ишин жүргүзүү. Коомдук баалуулуктарды бекемдөө, мыйзамга урмат көрсөтүү жана улуттук, аймактык же социалдык белгилер боюнча дискриминацияга жол бербөө маселелери боюнча түшүндүрүү иштерин жүргүзүү. Мамлекеттик органдар, билим берүү жана коомдук уюмдар менен өз ара кызматташуу аркылуу улуттар аралык ынтымакты бекемдөөгө жана коррупциялык көрүнүштөрдүн алдын алууга багытталган биргелешкен программаларды ишке ашыруу.

**3.9.** Керектүү документтерди белгиленген тартипте туура жүргүзүү.

**3.10.** Университеттин жетекчилигине студенттер менен иштөөнү жакшыртуу боюнча сунуштарды киргизүү.

**3.11.** Кыргыз Республикасынын Жаштар иштери, дене тарбия жана спорт боюнча мамлекеттик агенттиги, Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат жана жаштар саясаты министрлиги, Бишкек шаарынын мэриясынын дене тарбия, спорт, туризм жана жаштар менен иштөө департаменти тарабынан уюштурулган иш-чараларга жана жыйындарга катышуу.

**3.12.** Өз ыйгарым укуктарынын чегинде белгиленген мөөнөттө конференцияларды, семинарларды жана башка иш-чараларды уюштуруу.

## 4. Иштин уюштурулушу

**4.1.** Жаштар борборунун ишмердүүлүгү ушул Жобого, ректордун буйруктарына жана көрсөтмөлөрүнө, ошондой эле КМТУнун окуу жылына карата бекитилген тарбиялык жана окуудан тышкаркы иш-пландарына ылайык жүргүзүлөт.

**4.2.** Өз ишин жүзөгө ашыруу процессинде Жаштар борбору университеттин окуу, илимий, экономикалык жана башкаруучу бөлүмдөрү, профсоюз жана коомдук уюмдар менен өз ара кызматташат.

**4.3.** Борбордун кызматкерлери жеке иш-пландарга ылайык жана кызматтык милдеттеринин алкагында иш алып барышат.

МАКУЛДАШЫЛДЫ:

УИБ башчысы ________________________ А. Ж. Исраилов